УДК: 398(943.41)(043.3).

**Осмонова Б.А.**
И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасынын магистранты
**Осмонова Б.А.**
Магистрантка кафедры Истории Кыргызстана и этнологии КГУ им. И. Арабаева
**Osmonova B.A.**
Master student of the Department of History of Kyrgyzstan and Ethnology of KSU named after I. Arabaeva

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫНЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ

# ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКИХ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР

# ETHNO – PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF THE KYRGYZ NATIONAL GAMES

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз улуттук оюндарынын этнопедагогикадан алган орду каралат. Улуттук оюндар аркылуу балдардын аң-сезимин, ойлонуусун өнүктүрүүгө, келечек муунду элдик каада-салттарга, үрп-адаттардын негизинде тарбиялоого болот.

**Аннотация:** В этой статье рассматривается роль кыргызских национальных игр в этнопедагогике. С помощью национальных игр дети могут развить свое сознание и мышление, а следующее поколение можно воспитать на основе народных обычаев и традиций.

**Abstract:** This article will consider the importance of the Kyrgyz national games in ethnopedagogy. By playing national games, the future generation learns the traditions and customs of the nation, develops their worldview and consciousness.

**Өзөктүү сөздөр:** улуттук оюндар, интеллектуалдык оюндар, көчмөндөр оюндары, каада-салт, элдик педагогика, саясат, спорт, маданият, эркиндик, коом, тарбия, эмгек.

**Ключевые слова:** национальные игры, интеллектуальные игры, кочевые игры, ритуал, народная педагогика, политика, спорт, культура, свобода, общество, образование, труд

**Key words:** National games, intellectual games, ethnopedagogics, politics, tradition, sport, nomad’s games, culture, freedom, society, upbringing, effort.

Жеке билим берүүнүн теория жана практика жүзүндө пайдубалдарынын бири элдик педагогика болуп эсептелинет. Этнопедагогика – “этнос” жана “педагогика” деген илимий терминдердин курамынан турат. “Этнос” уруу, урук, эл, улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюндуруучу илимий термин. Оюндар аркылуу келечек муунду элдик каада-салттарга, улуттук үрп-адаттарына үйрөтүүгө болот. Оюндардын эрежелери аркылуу баланы социумдагы эрежелерге үйрөтүү процесси да оңой өтөт. Улуттук оюндар өспүрүмдү эмгек ишмердүүлүгүнө даярдайт.

Адабият, философия, педагогика илимдеринин классиги В.Г.Белинский дүйнө жүзүндө жашаган элдердин тарыхы жана маданияты жөнүндө ой жүгүртүп, кийинки пикирди айткан: “Бардык элдердин ар дайым өздөрүнүн тарыхы болгон: кээ бирөөлөрүндө уламыш түрүндө, башкаларында жомок түрүндө, дагы бирөөлөрүндө поэма түрүндө, андан башкаларына

хроника түрүндө”. В.Г.Белинскийдин айткандарына таянып биз кыргыз элинин улуттук оюндарын жана көнүгүүлөрүнө ой жүгүртүүдө элдик фольклорго кайрылсак: “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш”, “Эр Солтоной”, “Эр Табылды”, “Курманбек”, “Жаңыл Мырза”, “Кедейкан”, “Олжобай менен Кишимжан” жана башка кээ бир чыгармалардан массалык түрдө ойнолуучу элдик оюн-зооктордун, улуттук спорттун чагылдырылганын көрөбүз. Аларда адамдын жөө басуу, чуркоо, тоого чыгуудан баштап, ат чабыш, оодарыш, улак тартыш, кыз куумай, жамбы атмай, тыйын эңмей, күрөш, алты бакан селкинчек, шакек жашырмай, жоолук таштамай, топ чапмай, ордо, тогуз коргоол, упай, топ таш жана башка көптөгөн кыргыз элинин оюндарын кездештиребиз. Бул оюндардын азыркы заманда колдонулушу жаш муунга, келечеке, тарыхка, этнопедагогикага абдан маанилүү.

Эл өзү жараткан элдик оюндарын сүйөт, каада-салтын жакшы көрөт. Элдик оюндар бир жагынан дене тарбияга кызмат кылса, экинчи жагынан балдарды акыл эс, эстетика жагына тарбиялайт жана элге күлкү, кубаныч, шат, жүрөктү элжиреткен ырыхат-жыргал сезимдер менен кошо жаш муунду патриоттуулукка алып келет.

Элдик оюндар ар дайым күнүмдүк саясаттан жогору турууну, саламаттыкты жана сергектикти, ыкчам, көрөгөч, ийкемдүү жана зирек болууну даңазалайт. Ушундан улай элдик педагогиканын тажрыйбасы теориялык жана практикалык тарбиялоодо бирден бир баалуулуктардан болуп эсептелинет. Элдик оюндардан этнопедагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз, улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат.

Элдик оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Оюндар кенже курактан баштап балдарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл эстүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын кылымдан бери адатка айланган талабы болгон.

Азыркы учурда элдик уюмдар жаш муундардын турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору бойдон калууда. Элдик оюндар балдарды кеңири ой жүгүртүүгө, эске тутуп билүүгө, чыгармачылык менен элестете билүүгө, байкагычтыкка жана баамдагычтыкка, туруктуулукка, айлакердикке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, тыкаандыкка, тез тыянак чыгара билүүгө жана башка баардык оюндар тарбия берүүнүн комплектүү каражаттарынын бири болуп саналат.

Орус окумуштуусу Петр Лесгафт дене тарбия жана педагогикалык ишмердүүлүк жөнүндө, анын ичинде улуттук оюндар аркылуу балдарга тарбия берүүгө болоорун XIX кылымда эле далилдеп айтканы анык: “Оюндар – бул жаш балдарды ар кандай ыкмаларды, адаттарды жана салттарды үйрөнүү үчүн пайдалануучу кыймыл аракеттер”. Элдик педагогиканын, анын ичинде улуттук оюндардын негизги чексиз баалуулугу болуп анын турмушка ылайыктуулугу, эффективдүүлүгү жана мезгил менен текшерилип, аныкталгандыгы болоору талашсыз. Анткени элдик педагогиканын ыкмалары, формалары жана методдорунун арсеналы чоң (ооз эки элдик чыгармачылык, улуттук майрамдар жана ырым – жырымдар, ар кандай улуттук оюндар жана мелдештер, декоративдик-приклаттык өнөөрдүн түрлөрү, жомоктор, табышмактар жаңылмачтар, ырлар, макал лакаптар) [5: 23-б.].

Оюн – бул адамдардын ишмердүүлүгүнүн бир түрү. Оюн аркылуу бала айлана-чөйрөнү тез таанып билүүсүнө шарт түзөт. Ошондой эле окуучулардын мектепте алган билимдерин бышыктоодо жана илимге, эмгекке кызыгуусун арттырууда чоң роль ойнойт. Анткени окуу процессинде өздөштүрүүгө кыйын болгон нерсени оюн учурунда оңой эле өздөштүрүп алууга болот. Оюндарды ойноо менен балдар практикалык ишмелүүлүккө көнүшүп, ден-соолуктарын чыңдашып өз ара аракет жазоого үйрөнүшөт. Ошондой эле оюн аркылуу моралдык жана эстетикалык рахат алышат. Оюнга катышкан жаштар өздөрүнүн көрктүү

кийимдери, ар кыл аспаптары, келбети, кыймылы менен өзгөчөлөнүп элдин эстетикалык талаптарына жооп берген [3: 167-б.].

Кыргыз элинин улуттук оюндары менен этнопедагогикалык жактан анализдеген кезде ал оюндарды ойноо, көнүгүү жана машыгуу процессинде окуучулар моралдык, кайраттуулук, билүү, таануу, физикалык жана башка сапаттарга ээ болоору айкын. Кыргыз элинин улуттук кээ бир оюндарына токтоло кетсек:

- Акыл оюндары: тогуз коргоол, алты коргоол, чатыра таш, чатыраш-киште, нартөө, катар, бөрү таш, топ таш, уюм тууду ж.б.
- Кыймыл-аракет оюндарында көңүл ачуу оюндары бар: селкинчек, алты бакан селкинчек;
- Жамааттык кыймыл – аракет оюндары: жоолук таштамай, так орун, качма топ, көз таңмай, урма топ, орто топ, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, жашынмак, токту сурамай, коон үзмөй, колго түшмөй, шакек таштамай, ак терек-көк терек, оропой тебүү, селкинчек, аркан тартыш ж.б;
- Аң улоочу: бүркүт кармоо, топ таптоо, аны салуу- саяпкерчилик, куш кармоо, таптоо;
- Көңүл ачуу оюндары: кимдин мөөрөйү, коңгуроо кайда, томук какмай, жип кесмей ж.б. [28].

Айтып кеткен оюндардын баары жаш муунга адеп-ахылактык тарбиялоо жаатында мааниси чоң анткени алар оюн-зоок менен бирге тиричиликке окутат. Бул оюндар баланы тарбиялоодо рухий элдик маданяттын универсалдуу каражаты болуп, инсанга улуттук-мүнөздүк көрсөткүчтөрүн ыйгарат.

Чатыраш (шатранч, шахмат), дойбу, тогуз коргоол сыяктуу оюндар ыкчам ой жүгүртүүгө түртсө, көк бөрү, чооган (чавган), ордо оюндары – оюнчулардын жеңишке жеткире турган тактикалык жана стратегиялык амалдарды ынтымактуу иштеп чыгуусун талап кылган [12].

**Тогуз коргоол** – акыл оюну. Бул оюн аң-сезимдүүлүккө, акыл эстүүлүккө, математикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүп, аналитикалык акылды түптөп, интеллектуалдык потенциялды бийик көтөргөн оюн. Бул оюн топтун пайдасы үчүн өзүн-өзү чектөө жана курмандыкка баруу жөнүндөгү түшүнүктү берет. Анткени окутуу жана тарбиялоо процессинде уюмдашып иштеген коллектив гана ийгиликке жете алат. Оюн баланы ар тараптан гормонялык жактан өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк берет, чыгармачылык көндүмдөрүн өркүндөтөт, ой-жүгүртүүлөрүн, эс тутумун өнүктүрөт. Балдарды акылдуулукка, ойлонууга, тартипти сактоого, чындыкка үйрөтөт [10: 25-б.].

**Ордо** – ордо ойнолуучу жер күн мурунтан шыпырылып, кары күрөлүп, айлана-чөйрөсү тазаланат. Ордо ойнолуучу жерге какырбайт, түкүрбөйт, адепсиз ойлор айтылбайт, улуу-кичүүнү сыйлоо даана байкалат. Ордо ойноп жаткан ар бир адам өзүнүн адептүүлүгүн көрсөтүүгө аракеттенет. Ордо оюну аркылуу жаштарды күчтүү, эрктүү, шамдагай ошондой эле эрдик көрсөтүү мүнөздөргө тарбиялайбыз. Мына ушундай тарбиянын жактарын терең түшүнгөн адамга ордону кыргыз элинин “Асман алдындагы мектеби” десек жаңылыштык болбос эле [6: 143-б.].

**Упай оюну** - бул оюнду кыргызд ардын ар кандай жаштагы адамдары ойношкон. Оюн кыймыл аракетти гана көрсөтпөстөн чоңдордун кичинелерге берген тарбиялык мааниси абдан зор. Бул болсо элдик педагогиканын өркүндөшүнө бир мисалы боло алат [4: 190-б.].

**Шакек жашырмай** – оюн ойнотуу менен балдардын сезгичтик, билгичтик, тапкычтыгын арттырып, ачык көңүл, шайыр-шатман болуп, жамаат арасында өзүн алып жүрүүгө багыт беребиз.

**Жоолук таштамай** – оюнда күчтүүлүккө, ылдамдуулуктукка, шамдагайлыкка тарбияланат. Жүгүрүү ыкмалары бир нерсеге көңүл коюуга, байкоого үйрөтөт.

**Чүкө атмай** – аралыктарды туура аныктоого, күчтүүлүккө, ийилчээктикке тарбияланат, кыймылдарды так аткарууга, таамай мээлөөгө үйрөтөт.

**Кан таламай –** кол менен кыймылдарды так аткарууга, аралыкты, ашыктарды туура чамалоого, бири-бирин урматтоого, максатка жетүүгө, аракеттенүүгө үйрөтөт.

**Упай** – баамчылдыкка, шамдагайлыкка тарбияланат, кол менен кыймылдарды так аткарууга, атуу ыкмаларын, аралыкты чамалап аныктоого, коюлган максатка жетүүгө, тартипти сактоого, бири-бирин урматтоого үйрөтөт.

**Ак чөлмөк –** кишини кыймылга келтирип, тез чуркатат, адамдын айлакердигин, тапкычтыгын, эпчилдигин өөрчүтүп, күчүн чыңайт.

**Тыйын эңмей –** оюнда күчтүүлүккө, шамдагайлыкка, ийилчээктикке тарбиялайт, чечкиндүүлүккө, кайраттуулукка, сабырдуулукка үйрөтөт.

**Жаа атуу –** оюнда күчтүүлүккө, ийилчээктикке тарбияланат. Жаа атуунун ыкмаларын болжолдоого, аралыктарды туура аныктоого, эмгектенүүнүн ыкмаларын үйрөтөт.

**Жамбы атмай –** оюнда ат минүүнүн, чабуунун, жаа атуунун ыкмаларын үйрөтөт, чечкиндүүлүккө, шамдагайлыкка, тең салмакты сактоого, мергендике, тартипти сактоого үйрөтөт.

**Укурук салмай –** оюнда күчтүүлүккө, шамдагайлуулукка тарбияланат, ат минүүнүн, чабуунун, башкаруунун ыкмаларын үйрөтөт.

**Аркан тартышуу** – аш-тойдо, келин алууда, бала отургузууда, чоң шеринелерде ойнотулуп, балдарды ден соолугу чың, ар кандай нерселерге туруштук бере алууга тарбиялайт. Баардык нерселерди бирдей деңгээлде өздөштүрө албаган баланы оюн аркылуу делебесин козгоп, ар кандай шартка ылайыкташууга өбөлгө түздүргөн оюн болуп эсептелет. Баланы күчтүүлүккө, ийилчээктикке, топ менен иштөөгө, ынтымактуулукка тарбиялайт. Тырышчаактыкка, биримдүүлүккө үйрөтөт.

**Күрөш** – кыргыздын байыртан берки сүйүктүү оюну. Баардык диний, маданий, чарбалык, турмуштук майрамдарда күрөш уюштурулат. Кыргыз күрөшү-элдин турмуш-тиричилигинин шартына толук жооп берген күрөш көп кырдуулугуна карабай атаандаштарынын бири-бирине гумандуу мамиле жасоосуна байланышкан. Күрөштө күчтүүсү эле эмес, шамдагай, тапкыч ыкмалар билгени жеңип чыккан. Демек, күрөш кара күчтөн сырткары шамдагай болууну, күрөш ыкмаларын билүүнү талап кылат.

**Эр эңиш** – кыргыз элинин арасына кеңири таралып, азыр да маанисин жогото элек улуттук оюндун бир түрү. Эр-эңишке бирдей жаштагы кишилер түшөт, оюндун эрежеси боюнча аттын үстүнөн кармашып, оодара тартып жерге түшүрүү менен жеңишке жетишет. Бул оюн аркылуу күчтүү, шамдагай, кайраттуу, эрктүү болуп, ден соолукту чыңдоого өбөлгө түзөт [11: 104-105-бб.].

**Улак тартыш (көк бөрү)** – бүгүнкү күндө майрамдык маарекелерде, аш-тойлордо кеңири кулач жайды чоң байге коюлуп, жер-жерлерден улакчылар келишип, оюн жогорку деңгээлде өтүүдө. Бул оюн аркылуу аймактан келгендер таанышып, жакындашып, элибиздин улуттук маданиятын көкөлөтсө, экинчи жагынан күчтүүлүк, ыктуулук, шамдагайлык,

кайраттуулук жана топто ырааттуу өз ара иштеше билүү сапаттары калыптанып, жаштарды эр жүрөк мекенчил болууга үндөйт.

**Ат чабыш –** оюнда шамдагайлыкка тарбияланат. Эпчилдикке, чечкиндүүлүккө, тең салмагын сактоого, ат минүүгө жана башкарууга үйрөнөт.

**Кыз куумай** – башка элдерден айырмаланып, кыргыз элинин кыздары ат оюндарына шыктуу келет. Буга жер жарган кошуун арасында ат үстүндө көзгө илешпей аркырап учуп. Тулпарчан жигитке жеткирбей, намыс алышы күбө.

Оюндун шарты боюнча кыз тандаган атын минип андан арканы гана жигитке тийген, атты чапкан кыз козго илешпей кетсе, намыстуу жигит артынан кууп жетип, кызды бетинен өпкөн. Жетпей калса кыз атынын башын буруп, камчы менен жигитти кубалап сабаган. Демек, кыз дебей, жигит дебей ат үстүндө шамалдай учуп, кыргыз элинин эр жүрөк чыдамкай, шамдагай калк экенин башкаларга таанытат. Жаштарды күчтүүлүккө, шамдагайлыкка, чечкиндүүлүккө, көңүл коюп басууга, тартипти сактоого үйрөтөт [7: 154-б.].

**Айтыш (сармерден) –** оюн ойлонууга, акыл тарбиясын жогорулатууга, тапкычтыкка, тартипти сактоого, урматтоого, сыйлоого, кыз-жигиттер ортосунда мамиле курууга үйрөтөт.

Кыргыз элине ар тараптан өнүккөн эрктүү, эл жерин сүйгөн, эли үчүн жанын аябаган, шамдагай, чыдамкай жана намыскөй балдарды элдик оюндар аркылуу гана делебесин козгоп, эл керегине жараган атуулдарды тарбиялап чыгаруу бүгүнкү күндө негизги милдеттердин бири экендигин түшүнүүбүз абзел. Чындыгында улуттук оюндар жаштарды дене тарбия жактан даярдоодо чоң өбөлгө болуу менен бирге келечекте аларды аскердик атуулдук жактан тарбиялоого жол ачат.

Бөбөктөрдү тарбиялоодо оюн ырларынын да орду маанилүү экендигин белгилөөгө болот. Мисалы: “Буудай кууру, таруу кууру, коюу-кою талкан бас, талканыңдан бере көр, айланайын, ак бөбөм”. Бул ыр саптарды бөбөктүн жакын адамдары бөбөктүн ала канын жайып, сөөмөйү менен айлантып, тегеретип, кытыгылап, бөбөктүн көңүлүн ачып ойнотот жана алакан сезүү туюмдарын ойготуп, аны калыптандыруу менен айлана – чөйрө, турмуш-тиричилик, “Арпа”, “Буудай” сыяктуу эң алгачкы дүйнө таанымдарын пайда кылышкан. Ошентип, көчмөндөрдүн бөбөктөрдү тарбиялоо ыкмалары муундан-муунга өтүп, актуалдуулугун жоготпой жашап келе жатат [9: 34-б.].

Элдик оюндарда элдин чарбачылыгы, жашоо турмушу, анын тарыхы, колорити жана улуттук маданиятты этникалык салттары ачык көрсөтүлүп турат. Мисалы: балдардын “Чүкө”, “Көк-бөрү”, “Улак тартыш” оюндары мал менен, кыздардын “Беш таш” оюну жаратылыш менен болгон байланышын айгинелет. Ошондой эле “Ордо” оюну тегиздиктеги геометриялык форма жана фигураларды, “Тогуз коргоол” матиматикалык эсептөөлөрдү, “Беш таш” физикалык тартылуу күчтөрүн үйрөтөт [5: 84-б.].

Демек, кыргыз элинин маданияты менен улуттук оюндарын үйрөтүүдө кыймылдуу кыргыз оюндарын колдонгон учурда физикалык, эмгектик, моралдык жактан гана өсүүсүнө түрткү болбостон, предметтик жалпы билим алуусуна, дүйнө таанымында да активдүү роль ойнойт. Жаш муундардын жоопкерчилигин, калыстыгын, чынчылдыгын башка улуттун өкүлдөрүнө сый – урмат көрсөтүү мүнөзүн калыптандырат.

Кыргыз элдик педогогикасынын нукура улгүлөрүн, жоболорун, кыргыздын улуттук педогогикалык таалим-тарбия берүүчү эрежелерин “Манас” эпосунан көрүүгө болот. Кыргыз эли үчүн “Манас” эпосунун тарыхый-фольклордук мааниси абдан зор. Биз кыргыз эли өзүбүздү дүйнөгө “Манас” эпосу жана андагы асыл саппаттар аркылуу, улуттук оюндарыбыз аркылуу таанытсак болот. “Манас” эпосунун таалим-тарбиялык жагын эпостогу бир эле

инсандардын образдарынан гана албастан, ошол кездеги оюндардан да ала алабыз. Бабаларыбыз балдарын сезимтал, акыл эстүү, куч кубаттуу жана алды жагын көрө билген, татаал кырдаалда туюктан жол таап чыга билген амалкөй болуусуна өбөлгө түзүп, ар турдүү элдик оюндарды пайдаланышкан. Байыртан кыргыз эли уул-кыздарын согуш өнөрүн үйрөтүүгө жогорку деңгээлде көңүл бөлүп келишкендигин биз тарыхыбыздан билебиз. Кыргыз эли балдарын жаш чагынан ыкчам, чыдамкай болууга согуш учурунда колу сынса, колун моюнуна таңып, буту сынса канжыгасына байлап алып уруушууга даярдашкан. Согуш өнөрүн кыргыз эли балдарына оюн түрүндө жаш кезинен баштап үйрөтүшкөн. Манас өзү баш болуп ойногон кыргыздардын-аскердик патириоттук оюндары “Ордо”, “Жамбы атыш”, “Эр сайыш”, “Эр эңиш”, “Ат чабыш”, “Жаа тартмай”, “Көк бөрү”, “Балбан күрөш” жана акыл оюндары “Тогуз коргоол”, “Чатыраш” оюндарын ойноп келген [8: 77-81-бб].

В.В.Радлов да “кара кыргыздар айыл болуп топтолуп жашашпайт, алар бүткүл уруу менен өзөндөрдүн боорлорунда боз үйлөрүн катарынан улай тигишет, ал кээде 20 жана анданда көбүрөөк чакырымга чейин созулуп жатат… Конуштоонун мындай түрүн жарым-жартылай жергиликтүү шарттар менен, жарым-жартылай элдин жоокерчилик мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Боз үйлөрдү ушундайча жайгаштырганда кара кыргыздарда кол салуудан же коргонууга бүтүндөй бир кошунду чукул арада даярдап жиберүүгө мүмкүнчүлүк болгон” [2: 527, 550-бб.]. Демек, айлана формасында тигилген көп үйлөрдүн ортосундагы “ак өргө” хандын үйү болсо ордо оюнунда катар-катар тигилген көп үйлөр катарланган чүкөлөр менен алмашылып алардын ортосунда коюлган кичинекей болор-болбос сөөктүн ак сыныгы “хан” деп аталып, хандык милдетти аткарган “хан үйүнүн” көп айылдын так ортосунда аппак болуп манкайып көрүнүүсү бир жагынан сөөлөт, даңк болсо, экинчи жагынан айыл коргонунда коргонуу болгон. “Ордо оюнунда” сөөк сыныгынан жасалган “ханды” көп чүкөнүн ортосундагы чуңкурчага салуу максатка ылайыктуу болгон. Себеби, сырттан урулган катуу сокку “ханга” жетпестен кырка тарткан көп айыл тобуна урулган сыяктуу же кыркаланган көп чүкөлөрдүн тобуна урулуп топ жарылган.

Өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо өзгөчө маани берилүүдө. Мына ушуга байланыштуу жаштарга адептүүлүк жана дене тарбия берүүдө жаңы каада салттардын, элдик оозеки чыгармалардын, элдик оюндар чоң мааниге ээ. Ошондуктан адептүүлүк, ыймандуулук, сылыктык касиеттерди калыптандыруудагы салттардын, элдик оюндардын маанисин изилдеп билүүнүн жана мындан ары кеңири жайылтуунун эбегейсиз зор мааниси бар.

Кыргыз Республикасынын “Дене тарбиясы жана спорт жөнүндө”, “Кыргыздын улуттук спорт түрлөрү жана элдик оюндары жөнүндө” закондордун, анын мазмунун конкреттештирген закон, инструкциялык жана программалык документтерде негизги багытты жогорку кесиптик мектепте дене тарбия сабактарынын көлөмүн жана мазмунун аныктаган жалпы билим берүүчү жана кесиптик окуу жайлардын бардык деңгээлдеринде дене тарбиясынын гумандуу багыты негизги принципиалдуу жобо катары аныкталган. Мамлекеттик саясаттын дене тарбиясы чөйрөсүндөгү башкы максаты болуп, улуттун ден соолугунун чыңдалышы, калктын сергек жашоо образынын калыптануусунун, руханий бай, моралдык жактан таза жана дене тарбиясы жеткиликтүү муунду тарбиялоо саналат. Инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн тутумуна кирип, эл чарбасынын келечек адистеринин руханий жана кара күчүнүн жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган заманбап толук жогорку кесиптик билимдин гуманитардык блогунда (компонентинде) милдеттүү бөлүм болуп эсептелет [1: 480-б.].

Ал эми педагогиканын тарыхы кайрадан жаралуу доорунда дене тарбиясына Ф.Рабле, М.Монтень дене тарбиясын акыл тарбиясы менен бирдикте ишке ашыруу зарылдыгын үгүттөшкөн. Ал эми Я.А. Коменский өзүнүн эмгектеринде гигиена, тамактануу, балдардын оюну, денесин чыңдоо боюнча көнүгүүлөргө көңүл бөлүп, дене тарбиясы педагогикалык процесстин эң маанилүү бөлүгү деп эсептейт. XVIII кылымдын ортосунда Д. Локктун «Тарбиялоо жөнүндөгү ойлор» деген китебинде дене тарбиясынын негизги милдети балдардын ден соолугун чыңдап, алардын кыймылдоого болгон табийгый талабын канаттандыруу зарылчылыгы турган. Ж.Ж.Руссонун педагогикалык көз караштарына таянып, балдардын акылын өстүрүп, эмгекке үйрөтүүдөгү дене тарбиясынын маанисин баса белгилеп, жаштайынан ден соолукту сактоонун жолдорун аныктайт. Дене тарбиясынын усулун өркүндөтүүдө Г.Песталоцци бир топ салым кошкон. Ал эми Б.Н.Чумаков, В.П.Казначеев, А.М.Мамытов, Х.Ф.Анаркулов, Т.Т.Иманалиев, жана башкалар белгилегендей, адамдын ден соолугу – бул эң биринчи анын жашоосунун максималдуу узактыгына жараша психикалык жана физиологиялык сапаттарын, адамдын ден соолугун анын жашоосунун максималдуу узактыгына ылайык оптималдуу ишкердигинин, социалдык активдүүлүгүнүн биологиялык, оптималдуу ишкердигин жана социалдык активдүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү процесси катары тастыктаган болот.

Биздин мектептердеги балдарга дене тарбиясын берүү системасында төмөнкүлөр кирет: ден соолук чыңдоо, дени сак жашоо, физкультура жана спортко болгон кызыгуусун, талабын, эмоциалык мамилесин өстүрүү; анатомиялык-физиологиялык билим берүү, адамдын дене түзүлүшү жана физиологиялык, психологиялык процесстери жөнүндө түшүнүк берүү, гигиена жана санитариялык тазалык, жашоо коопсуздугун сактоо боюнча маалыматтарды жеткирүү; эрк жана спорттун сапаттарын (күч, тездик, чыдамкайлык, элпектик жүрүм-турум эрежелерин), тырышчаактык, тартиптүүлүк, достук сезимди, маданиятуу жүрүш-туруштун машыгуулары, психикалык өзүн-өзү алып жүрүүсүн калыптандыруу, психикалык жана дене тарбия тренингдерди уюштуруу эрежелерин, тырышчаактык, тартиптүүлүк, достук сезимди, маданиятуу жүрүш-туруштун машыгуулары, психикалык өзүн-өзү алып жүрүүсүн калыптандыруу, психикалык жана дене тарбия тренингдерди уюштуруу кирет.

Элдик оюндардын жөнөкөй түрлөрүн тандап алып, сабакта да колдонуу балдар үчүн жеңил болот. Татаалдашкан теманы да оюн аркылуу кызыктуу өтө турган болсо, сабак да бири – бирине окшошпой кызыктуу болмок. Биз оюн аркылуу балдардын жан дүйнөсүн келечекке карай гана багыттабастан, алардын жолунда жолуккан тоскоолдуктарга чыдамкай мамиле кылып, ат чабылып, ат жалында эркин ойноосуна дайым билими менен күч сынашып, алдыга озуусуна, көздөгон максатына жетүүсүнө, жоро – жолдошторунун ишенимине ээ болуусуна, жакшы жөрөлгөлөрдү жазатсак бул алардын келечегине кенен жол салуу болуп саналат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф., 1990;
2. Абрамзон С.М., Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999
3. Азизбаев С.С., Саралаев М.К. Көчмөн кыргыз элинин дене тарбиясы: тарыхы, өзгөчөлүктөрү жана заманбап мезгилдеги абалы. Окуу курал. – Бишкек, 2017. 280 б.
4. Анаркулов, Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. Методикалык китеп. – Бишкек. 1996.

5. Бишкек Гуманитардык Университетинин Жарчысы. №3(45). 2018.
6. Максутов Т. Байымбетов М. “Манас” эпосу элдик тарбиянын кенчи. – Б., 1999.
7. Максутов Т., Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. – Ош 1996;
8. Нуралиева М.Т., Кыргыз улуттук «Сармерден» оюнун келип чыгышы жана турмуштук мааниси. //Вестник Ошского Государственного Университета. №3-2, 2016.
9. Сатарова А, Кыргыз балдар фольклору. – Ош, 2003,
10. Токторбаев С. Манас ата акыл оюндары. – Ош, 2001;
11. Тыныстанова А.А. Кыргыз элинин салттуу улуттук оюндары. //Бишкек Гуманитардык Университетинин Жарчысы. №3. 2018. 104-105-бб.
12.https://www.azattyk.org/a/nomadic_games_sports_symposium_blog_kyrgyzstan/28082541.html

**Рецензент: Жоошбекова А.Р.**